КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

АЛА-БУКА РАЙОНУНУН
ЫНТЫМАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫНТЫМАКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АЛА-БУКИНСКОГО РАЙОНА

**Ала-Бука районунун Ынтымак айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**25-июль 2024-жыл. № 24** Теңги айылы

**"Лидер"атуулдук демилгелер борбору" коомдук бирикмесинин "Кыргызстандын региондорундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү" долбоорунун алкагында түзүлгөн "Кулупбек" кичи коругунун демилгелүү тобунун иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы №554 "Жергиликтүү маанидеги микрокоруктарды жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүүнүн жана алардын иштешинин тартиби" жөнүндө токтомуна ылайык "Лидер атуулдук демилгелер борбору" коомдук бирикмесинин "Кыргызстандын региондорундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү" долбоорун Ынтымак айыл аймагында ишке ашыруу максатында Ынтымак айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык. Азык-түлүк. айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Ынтымак айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы №554 "Жергиликтүү маанидеги микрокоруктарды жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүүнүн жана алардын иштешинин тартиби" жөнүндө токтомуна ылайык "Лидер атуулдук демилгелер борбору" коомдук бирикмесинин "Кыргызстандын региондорундагы микрокоруктардын концепциясын кеңейтүү" долбоорунун алкагында түзүлгөн "Кулупбек" кичи коругунун демилгелүү тобунун иш планы бекитилсин.

2. "Кулупбек" кичи корутунун инфратүзүмүн өнүктүрүү боюнча түзүлгөн иш план Ынтымак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык экономикалык өнүктүрүү планына (ПСЭР) киргизилсин.

3. Токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү Ынтымак айылдык кеңешинин жооптуу катчысына жүктөлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ынтымак айылдык кеңешинин бюджет, экономика, каржы жана инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына жана Ынтымак айыл өкмөтүнүн башчысы Б. Назарбековго, милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ч. С. Акматов**

Сканировано с CamScanner